УДК 82-131:821.512.154
DOI: 10.36979/1694-500X-2026-26-6-92-97

# АНАЛИЗ ОБРАЗА КАНЫКЕЙ И АЙЧҮРӨК В ЭПОСЕ «СЕМЕТЕЙ»

***С.А. Конгайтиева***

*Аннотация.* «Семетей» – логическое продолжение эпоса «Манас», вторая часть трилогии. Это обусловлено не только тем, что главные герои – Манас и Семетей – изображаются как отец и сын, но и тем, что многие другие персонажи присутствуют в обоих произведениях (например, Каныкей), а также общностью в развитии событий, логике повествования и композиционном построении. В то же время «Семетей» – не просто раздел и продолжение эпоса «Манас», а самостоятельное эпическое произведение, обладающее собственными особенностями и художественными качествами. Учителю литературы на уроках следует учитывать именно это обстоятельство. В статье рассматриваются некоторые предложения по анализу художественных образов устойчивых женских персонажей, таких как художественный образ Каныкей и Айчүрөк, во второй части трилогии «Семетей». Автор статьи с уверенностью может утвердить, что положения, выносимые данной статьей, имеют практическую значимость в работе анализа образов при изучении эпоса в восьмых классах общеобразовательных школ республики.

*Ключевые слова:* трилогия; персонаж; художественный образ; общее и особенное; аналитическая работа; художественный текст; сюжетная линия; гиперболизация; лиро-эпический жанр.

# “СЕМЕТЕЙ” ЭПОСУ БОЮНЧА КАНЫКЕЙ МЕНЕН АЙЧҮРӨКТҮН ОБРАЗДАРЫН ТАЛДОО ИШТЕРИ

***С.А. Конгайтиева***

*Аннотация.* «Семетей» «Манас» эпосунун логикалык уландысы, үчилтиктин экинчи бөлүмү. Мында баш каармандардын (Манас менен Семетейдин) ата-бала катары мүнөздөлгөнү менен гана түшүндүрүлбөстөн, ал экөөнөн башка да көптөгөн кейипкерлердин эки чыгармада тең катышуусу (айталы, Каныкейдин), окуялардын өсүп-өнүгүш логикасы, композициялык курулушу жагынан жалпылыктар сыяктуу белгилер менен да шартталат. Ошол эле мезгилде, «Семетей» – «Манастын» бөлүмү, уландысы гана эмес, бардык белгилери боюнча өзүнчө жеке өзгөчөлүккө, касиет-сапатка ээ болгон эпикалык чыгарма. Адабият мугалими сабактарында мына ушул жагдайды карманышы керек. Макалада үчилтиктин экинчи бөлүмү “Семетейде” туруктуу аял каармандар Каныкей менен Айчүрөктүн көркөм образын талдоо боюнча айрым сунуштар тууралуу сөз жүрөт.

*Түйүндүү сөздөр:* үчилтик; каарман; көркөм образ; жалпылык жана жекелик; талдоо иштери; көркөм текст; сюжеттик линия; апыртмалуулук; лиро-эпиклык жанр.

# ANALYSIS OF THE IMAGES OF KANYKEI AND AYSHUREK IN THE EPIC «SEMETEY»

***S.A. Kongaitieva***

*Abstract.* «Semetey» is a logical continuation of the epic «Manas» and the second part of the trilogy. This is determined not only by the fact that the main characters – Manas and Semetey are portrayed as father and son, but also by the presence of many other characters appearing in both works (for example, Kanykei), as well as similarities in the development of events, narrative logic, and compositional structure. At the same time, Semetey is not merely a section or continuation of Manas, but an independent epic work possessing its own distinctive features and artistic qualities. Literature teachers should take this aspect into account in their lessons. The article discusses several approaches to analyzing the artistic images of the prominent female characters Kanykei and Aichurek in the second part of the trilogy «Semetey».

*Keywords:* trilogy; character; artistic image; general and particular; analytical work; literary text; story line; hyperbole; lyric-epic genre.

КРнын жалпы билим берүүчү орто мектептеринин сегизинчи класстарында “Манас” үчилтигин өздөштүрүүгө жалпы 36 саат каралган [1, 45–48 бб.]. Сабакта аялдардын образын талдоо боюнча мугалимдин киришүү аңгемеси болжол менен төмөнкүдөй болушу мүмкүн: “Семетей” эпосунун классикалык варианттарынын сюжеттик линиясы боюнча Манастын баатырдын каза болгонуна кырк күн толуп-толбой, аталаш туугандары Көбөш агасы Абыкеге: “Каныкейди өзүңө алып берем!” [2, 98 б.], – деп догурунат. Абыке: «Мен албаймын, ***энедей болуп калыптыр,*** элик сүтүн берген», – деп болбойт. Көбөш жеке агасын эмес, кырк чорону бүт кысмакка алып, Каныкейди Абыкеге күч менен алып бермекчи болот. Элчиликке Кыргыл чал менен Тазбаймат дайындалат.

Ордого барган Кыргыл чал менен Тазбайматтын: “Абыкеге тиесиң, тийбеймин десең, кан Көбөштүн колунан өлөсүң” – деп айткан кебин угуп, Каныкей каарып коё берет: «Кан Көбөш кармап соёт» деп, кара күчкө демин көр! Тамтыгы жок экөөнүн таап келген эрин көр! Баркы жок акмак сен турсун, Манасты сайган кол ушул; чамасы чак сен турсун, төрөмдү сайган кол ушул!» деп колуна ак болот канжарын алып, Тазбаймат менен Кыргыл чалды жаза-буза жаралап, ордодон кууп чыгат. Чоролор качкан бойдон Көбөшкө барышат. Көбөш кырк чорону баш кылып көп кол аттандырат. Жоонун келатканын уккан ***Каныкей*** кадимки даанышмандыгы менен, энелик интуициясы менен кайненеси ***Чыйырдыга*** жалынат: Уулуңдан калган ботоңду энеке, бооруңа бассаң бейм! Жазгыртып көзгө көргөзбөй жалгызың ала качсаң дейм! Алты арам келсе оң кылбайт, энеке, жалгызыңды соо кылбайт! Энеке, Таласка боюң жашырчы, энеке, жалгызыңды качырчы. Кең-Колго боюң жашырчы, энеке, кесир тийип кетет го, ажалы гана минтип жетет го, энеке, жетимиңди качырчы. Кең-Колго боюң жашырчы, энеке, кесир тийип кетет го, ажалы гана минтип жетет го, энеке, жетимиңди качырчы?!” [3, 138 б.], – деп, баатырдан калган чүрпөсүн Каныкей мына ушинтип сактап калат.

Бул иште анын кайын энеси Чыйрдынын да ролу өзүнчө сөз кылууга арзыйт, мунун образы да эпостогу аял затынын көркөм образдарынын ачылышына карата системалуу иш жүргүзүлө турган негизги маселелердин бири. Окуучусунун көз алдына ушул эпизод даана тартылышы үчүн мугалим көркөм текстен бир нече саптарды окуп бериши шарт. Муну окутуу методикасы да, педагогика менен дидактика да талап кылган негизги натыйжалуулуктун атрибуттарынын бири, окуучунун предметтик компетенттүүлүгүн да калыптандыра ала турган негизги жагдайлардын бири.

Ала кач деп ***Каныкей***
Ыйлап гана турду буркурап.
Дүпө бир дүпө жөтөлүп,
Манастан калган жетимин
Түйшүктү тартып Чыйырды,
Моюнга салып көтөрүп.
Таманын ташка тапталтып,
Чекесин күнгө какталтып.
Багалчак этти жоорутуп,
Кайыпчынын кара үңкүр
Корголоп энең жатты эле.
Кайран жеңең Каныкей... [3, 286 б.]

Ушинтип Каныкей кайын энеси Чыйырды менен баланы (Семетейди) аман сактап калуунун амалын кылып жүрүшсө тиги Абыке, Көбөш баштаган ички душмандардын кылганы бул:

Кулак салып байкаса,
«Көбөштөп» ураан чакырып.
Камыштан бетер сел болуп,
Канча жүзчө эл болуп.
Баягы Манастан калган кырк чоро
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып.
Кан Манас атын өчүрүп,
Калың кол каптап келди эле.
Тамынын баарын уратты,
Талынын баарын сулатты.
Манастан калган сан дүйнө
Камчыга ченеп бөлүштү.
Баякы кара сурдун сулуусу
Кабылан жеңең Каныкей
Эмизип турган балага
Эңкейип жетти Көбөш кул:
“Оңбогон канчык, оңбойсуң
Канкоруң Манас эми жок,

Сен кайратыңды койбойсуң!
Арачы сөзүн билбейсиң,
Же бирөөбүзгө тийбейсиң!" [3, 298 б.], – деп опурулат.

Опурулуп эле тим болбой, кандын аялы, же жеңеси экендигине карабай Каныкейди камчы менен баш талаштыра салып жиберет.

Кайран жеңен Каныкей
Чыңырып ыйлап бүк түштү.
Керилип Көбөш чапканда,
Кайран жеңең  Каныкей
Ошондо төбөсү менен тик түштү.
Өө, өө дегенде оозунан
Жеңеңдин өжөк-өжөк кан кетти.
Кайран жеңең Каныкей
Жер кучактап жатканда,
Алмадай башты аларда,
Жеңеңди даңгыттарга жарарда,
Үзүктөй калпак Шууту кул,
Манастын жакын чоросу,
Кармай калды Көбөштү:
«Көбөш сен, кан эмес, бекерсиң,
Кан экениң чын болсо,
Канткенде катындын башын кесесиң?»
Артык мыкты эр Шууту
Түрдөнтүп кепти салды эми,
Кайран жеңең долуну
Кан Көбөшкө чаптырбай
Ажыратып алды эми... [3, 305 б.]

Ошентип, Манастын ордосу таланып, Аккелте, Ачалбарс, Сырнайза сыяктуу куралдар, ок өтпөс тон Аколпок, тулпар ат Тайбуурул Абыке, Көбөштөрдүн колуна кетет.

Жаралуу ***Каныкей*** эптеп кайратын жыйып, кайненесинин артынан Бухарга барат. Жаш Семетейди колуна көтөрүп экөө эми Темиркандын шаары Букарды көздөй жөө бет алышат. Бакай жетимден санаасы тынчыбай из кууп барып, ***Каныкей менен Чыйырдыны*** бир коктудан табат. Тайтору менен Акборчукту кармап апкелип, экөөнө деп жолдук азык даярдайт. «Төрөмдөн калган жалгызды мен он эки жыл күтөрмүн», – деп ак батасын берип, Бакай Каныкей менен Чыйырдыны жолго узатат. Далай азап менен Букарга жетишип, Каныкей Семетейди иниси Ысмайылга бала кылып берет [2, 112 б.].

"Семетей" эпосу боюнча өтүлүп жаткан сабактардын биринде ***Каныкей*** менен ***Айчүрөктүн*** көркөм ***образдарын*** талдап жатып, адабият мугалими окуучуларына көркөм текст менен иштөө көндүмдөрүн калыптандырат. Окутуунун технологиялык принциптерине ылайык көркөм текст менен иштеген окуучулар болжол менен төмөнкүдөй суроо, таршырмаларга жооп издөөгө дяр болушу шарт:

**Суроолор:**

1. Каныкей Кыргыл чал менен Тазбайматты эмне себептен ордодон кууп чыгат? Андан да: «Курга түйгөн кат урсун, баягы кудайлашкан, ээй, ант урсун!» деп экөөнү кескин жекиргенин кандай түшүнсө болот?

2. Манастын ордосу чабылыш эпизодунда Каныкейдин каарман аял гана эмес, баласы үчүн күйгүлтүк тарткан эне катары өзгөчөлүгү кандайча берилет?

**Тапшырмалар:**

1. Каныкей Семетейди алып Букарга качып кетүүсү менен «агасы өлсө, жеңесин кайниси алат» деген байыркыдан бери келаткан салтка чечкиндүү түрдө кескин каршы чыгып отурат. Эмне ал нарк билбеген эссиз аялбы? Же Каныкей болсо эле Манастан башканы теңсинбей коюш керекпи? Буга карата өзүңөрдүн жекече ой-корутундуңарды иштеп чыккыла.

2. Биз билгенден Каныкейдин кадимки Чубактын шаштысын кетирген баатырдык, балбандык жайы бар эле го. Эмне үчүн ал бул жолу Көбөшкө каршы кайрат кыла албады? А балким, ооматы кеткенинен уламдыр? Бул боюнча өз оюңарды билдиргиле.

Мындай суроо-тапшырмаларга жооп алгандан кийин мугалимдин Каныкейдин образы боюнча айтаар аңгемесинин болжолдуу варианты мындай болушу ыктымал:

**Мугалим:** Балдар, эпостун бул бөлүмүндө Каныкейдин биринчи бөлүмдө эле толугу менен ачылган акылмандык, алдыны көрө билүүчүлүк, кайраттуулук, балбандык, баатырдык, уздуулук, сарамжалдуулук, иш билгилик сапаттарына кошумча энелик камкордук, болочоктогу эл баатырын аман-эсен жетилтип, өз эл-жерине ээ кылуу жоопкерчилигин сезүү, аны ошол алдыда турган

зор иштерди туура алып барууга жөндөмдүү кылып тарбиялай билүү сыяктуу касиет-белгилери көрүнөт. Ал эми бул милдетти жүзөгө ашырыш үчүн, эң алгач баланы Абыке, Көбөш, Жакып сыяктуу туугандарынын душмандык аракеттеринен арачалап, аман алып калыш керек эле. Уулу Семетейди ата мурасына ээ кылып, элди Жакып, Көбөшкө окшогон адилетсиз башкаруучулардын зомбулугунан куткарыш үчүн, ал «эри өлсө, кайнисине турмушка чыгыш керек» деген байыркыдан бери келаткан эреже-салтка каршы чыгып, атасы Темиркандын шаарына качып кетет. Каныкейдин бул кадамы бирден-бир туура чечим болгону үчүн, аны адамдын акылманы Бакай колдоп, кайненеси Чыйырды келини менен жат жерд көздөп, жол тартып отуруп, Каныкейдин Букарга атасы Темиркандыкын көздөп качып кетиши баатыр Манастын өлөрүндө калтырган керээзи менен дал келет. Анда Манас жан курбалы Каныкейге: «Кокусунан мен өлсөм, Каныкей, мени менен сен өлсөң, сен экөөбүз тең өлсөк, калып калса Семетей, көчкөндө көк бука, өгүз минбесин, Абыке, Көбөш – алты арам көбүнчө уйчу кылып жүрбөсүн. Уй артынан салбасын, жашында сабап жалгызды, коркунчаак кылып салбасын. Абыке, Көбөш – алты арам моминтип өчүн албасын. Каныкей, күйүктүн белин ашып кет, көп дүйнөңдү чачып кет, эри өлгөндө катынга, төркүнү жакын болучу, сен Темиркан көздөй качып кет. Темирканга барганда, колуңдагы Семетей кыркып бергин чыбыгын, айтып бергин ошондо ишене турган ырымын, жашы он экиге келгенде, колуна мылтык бере көр, кайрадан Талас көргөзгүн. Арбагым азыр бар болсо, жолунан тосуп алармын, жоболоңдуу жетимге бир көзүмдү салармын» – деп, акыркы керээзин айтат. Демек, Каныкейдин төркүндөрүнө качышы – анын керт башынын камы эмес, Семетейдин аман-эсен чоңоюшу үчүн жасаган аракети».

Ата-тегин, туулган жерин эр жете электе угуп алып ээленбесин деп, Каныкей балтыр бешик Семетейди иниси Ысмайылга бала кылып берет. Баланын амандыгы үчүн өзүнүн, кайненеси Чыйырдынын энелик мээримин, сагыныч-кусалыгын тыйып, уулу чоңойгучакты өзү «эже», майданда өлгөн шер Манас «жезде» аталат. «Ушу балам эр жетип, элине ээ болор бекен?» деген илгери үмүт менен төлгө кылып, Каныкей Таластан өзү минип келген буудан Тайторуну ат чабышка кошот. Уулу Семетейди Таласка биринчи жиберип жатып, айтылуу «жомогун» аңгемелейт. Бул баянында ал билсин, сыймыктанып баркын көтөрө жүрсүн деп жан чүрпөсү Семетейдин атасы Манас экенин, өмүрлүк жары Манастын кылган, бүтүргөн иштерин, айтылуу Аккелте, Сырнайза, Ачалбарс кылыч, Айбалта сындуу курал-жарактардын кандайча жасалып, Манастын колуна кандайча тийгенин, өз колу менен Аколпоктун даярдалышын, тулпар ат Тайбуурулдун тартууга келиш жөнүн баян этет. Барганында ага ким дос, ким кас болорун айтып, ал жерде бүтүрө турган иштерине багыт берет.

***Каныкейдин акылмандыгы***, алдыда боло турган окуяны туя билгендиги Канчоронун душман чыгарын айтканынан көрүнөт. Коңурбайга каршы аттанарда, ошондой эле Канчоро арам оюн жүзөгө ашырар күнү да ал кырсыктын болорун билип, Семетейге эскертет.

Семетей кайып болуп кеткенден кийин, ***Каныкей*** жашоодон үмүтүн үзүп, өз жанын өзү кыюуга чейин барат. Бирок аны боюнда күмөн калган баласы туурасында айтып, Айчүрөк арачалап калат. Каныкейдин образына, кыскасы, кыргыз энелериндеги эң жакшы сапаттар бүт топтоштурулган.

***Айчүрөктүн образы.*** «Семетейде» «Манастагы» баатыр кыздардан, мисалы, кайненеси Каныкейден айырмаланып, Айчүрөктүн сулуулугуна бөтөнчө маани берилет. Өзүнчө бир керемет жан, жанда жок сулуу, перизаада кыз Айчүрөктү талашып, Чынкожо менен Толтой Акундун шаарын камайт. Чүрөктү алгач дүрбү аркылуу көрүп, ашык болгон Семетей: «Капырай, Букардан катын алдым деп, ойлоп жүргөн экенмин, катын албай капырай, бойдок жүргөн экенмин» [2, 114 б.], – деп өкүнүп, арман кылат. Семетейдин өкүнгөнүнүн экинчи бир себеби бар. Чачыкей бүт турушу менен эл баатырынын аялына коюлуучу талаптардын бирине да жооп бере албайт. Жада калса, жортуулга аттанарда да күйөөсү Семетейдин жоо кийимдерин аялы Чачыкей эмес, энеси Каныкей даярдап, Каныкей кам көрөт. Келин болуп келгени, Семетейдин бардык сарамжалын энеси Каныкей эмес, Айчүрөк ойлоп, Айчүрөк кам көрүп калат. Кайненеси Каныкей сыяктуу колуна курал

алып, эрөөлгө чыкпаса да, Айчүрөк кандайдыр бир деңгээлде Каныкейдин образын кайталайт. Ал да Каныкей сыяктуу эле өмүрлүк жары болгон эл баатыры Семетей үчүн кам көрүп, кымбаты Семетейди алдыда боло турган ар түрдүү кырсыктардан, ички жана тышкы душмандардын арамза ойлорунан сактап, боло турган кырсык туурасында алдын ала эскертет.

Айчүрөк эпосто перинин кызы деп берилет. Семетей жарадар болгондо, анын денесиндеги окту аттап түшүрөт. Адамдын денесиндеги окту аттап түшүрүү, аны тирилтүү – пери тукумундагыларга гана тийиштүү касиет. Ошондой жандан башкача жаралганы үчүн, Айчүрөктүн каргышы ката кетпейт. Сөзсүз кырсыкка кабыларын, жолу болбосун алдын-ала билген Айчүрөк Семетейдин Коңурбайга каршы Бээжинге аттануусуна кескин каршы чыгат. Ачууга алдырган Семетей аны жон талаштыра булдурсуну менен тартып жиберет. Эти ооруп, жаны ачыган Чүрөк Семетейди: «Кеткениңен келбей кал, кербен үйүң көрбөй кал. Коңурбай жарсын өтүңдү, Мурадыл чексин көзүңдү!» – деп каргайт [3, 305 б.]. Чүрөктүн дегени ката кетпесин билген Каныкей токтоосуз жүйө сөзүн айтып, каргышын кайра алдырат.

Айчүрөк өз бактысы, таалайы үчүн күрөшө билет. Толтойго олжо аял болууну каалабай, өз теңи, кайындаган күйөөсү Семетейди издеп ак куу кебин кийип учат [4, 608 б.]. Ушуга дейре бир кабарын алып койбогону үчүн Семетейге таарынып, Айчүрөк жолду ката Чынкожо, Толтойдун кордугунан куткарууга мүмкүнчүлүгү барбы дегендей, ар кайсы элдердин баатырларын бүт көз алдынан өткөрүп сынайт. Бирок талабы катуу кызга ал баатырлардын бири да жакпайт. Акыры Талас жергесинен Семетейди сындан өткөрүп, купулуна толтурат да, «теңине албай зыңгырап, теңтуш кылбай жүргөнү көкжалдыкы эп экен, эмгиче издеп тийбеген кудай урган кеп экен» деп анын сөөлөт-келбетине, баркына тен берет. Адепки жары Чачыкейдин абалын түшүнүп, «каардуу кебиң угайын, кызматыңды кылайын» деп жакшы эле алдынан бир өтөйүн деди, бирок анысын акылы ченелүү аял аңдап билбеди [5, 208 б.].

Айчүрөк ар бир адамга калыс баа бере алат. Ошо сынчы, акылмандыгынан Айчүрөк Күлчоронун артыкча сапатын көрө билип, «таалайы артык дебесе, Семетейден Күлчоро кере кулач өйдө эр экен» деп баалайт. Семетейдин өлүү-тирүүсү билинбей кайып болуп, эл таланып, Күлчоро кыйноодо калып, өзү олжого кетип бараткада да карапайым калктын келечекке болгон үмүтүн козгоп, жарынын өлүүгө баш койгон кайненеси Каныкейге ичиндеги күмөн бала жөнүндө айтып, өчкөн отун тамызып, кайра тиргизгендей болот. Ооба, эл ага ишенет, келечекке болгон бардык үмүтүн төрөлө турган эркек балага байланыштырышат. Убагында Бакай да ага «кең көйнөктүн тазасы, аялзаттын паашасы» деген жогорку бааны бекеринен бербесе керек.

Арийне, эпостогу башка кейипкерлерден айырмаланып, Айчүрөктүн образында фантастикалык элементтер да арбын. Бул өзгөчөлүк, сөзсүз, алгач эле анын адамдагы тазалыктын, сулуулуктун идеал үлгүсү – пери тукумундагы кыз экенинен көрүнөт. Анан, буга кошумча, Чүрөктүн Чынкожо менен Толтойдун зомбулугуна макул боло албай, өз теңи, кайындаган күйөөсү Семетейди издеп табуу максаты менен ак куу болуп кубулуп дүйнө кезгени. Ал зарыл учурда жеке ак куу эле эмес, жогоруда белгиленип кеткендей, ак була, торгой, балык да болуп кубула алат. өмүрлүк жары, ашык жан биргеси Семетей Коңурбай колдуу оор жарадар болгонунда, пери кызы катары үстүнөн аттап, ичиндеги окту түшүрөт, айыгуусуна себепчи болот. Болор кырсыкты алдын ала билип, жаңылбай айтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Каргышы ката кетпейт, анысын жандыргандагы түкүрүгү катуу таштын да бырын-чырынын чыгара талкалайт.

Үчилтиктин «Сейтек» бөлүмүндө Кыяздын Тоотору атынын тилин бууп, эшек кейпиндеги кырчаңгы кылып таштайт. Демек, Айчүрөк сыйкырчы дагы [6–9]. Ошо сыйкырчылыгынан улам туткунга түшүп, жедигер элине олжого кеткенинде, ар түнү Кыяздын көзүн будамайлап, өмүрлүк жары Семетейдин алдында ак бойдон калат. Оозеки чыгармаларында антип фантастикалык элементтердин арбын болушу ар бир элдин, анын ичинде кыргыз элинин да келер күнгө болгон үмүт-тилегинин, табийгаттын не бир керемет сырларын ачууга умтулган учкул кыялынын көркөм чагылышы экенин белгилөө зарылдыгы бар [10, 11].

Сабакта Каныкейге удаа эле Айчүрөктүн образына талдоо иштерин жүргүзгөн окуучулар болжол менен төмөнкүдөй суроо-тапшырмаларга даяр болушу керек:

**Суроолор:**

1. Күлчоро ким? Анын жугумдуулук, достукка туруктуулук, эрдик сапаттары эпосто кандайча ачылып берилет?

2. Бакай «Семетей» эпосунда кандай өзгөчөлүктөрү менен көрүнөт? Семетейди өз элине ээ кылуудагы ролу канчалык?

3. Каныкей, Айчүрөк тууралуу эмнени айта аласыңар? Экөөнүн мүнөз-сапаттарында кандай айырмачылыктар жана жалпылыктар бар?

**Тапшырмалар:**

1. Күлчорону Айчүрөк: «Төрөсүнөн чоросу төрт эли өйдө эр экен!» – деп баалайт. Чын эле ушундайбы? Эпостун материалдарын талдоонун негизинде Күлчоронун абасы Семетейден жогору турарын далилдеп көрсөткүлө.

2. Күлчоронун эл баатыры катары кулк-мүнөзүндөгү өзүңөргө жаккан өзгөчөлүктөрүн санап көрсөткүлө. Аны азыркы жаштарга үлгү болор идеал каарман катары кароого болобу? Эгер болсо, эмне үчүн?

3. «Семетей» эпосундагы Бакай, Каныкей «Манастагы» Бакай, Каныкейден эмнеси, кандай мүнөз-сапаттары менен айырмаланат? Ал айырмачылыктарды чечмелеп баяндагыла.

4. Айчүрөктүн образындагы фантастикалык элементтер тууралуу айтып бергиле.

Поступила: 02.02.2026;
рецензирована: 16.02.2026; принята: 18.02.2026.

***Адабияттар***

1. Кыргыз адабиятынын программасы. 5–11-класстар үчүн / Түз.: С. Байгазиев, А. Муратов. Бишкек, 2019. 67 б.
2. *Турдугулов А.Т.* Кыргыз адабияты: Орто мектептин VIII класстары учун окуу китеби / А.Т. Турдугулов, Б.К. Оторбаев. Бишкек: Билим-компьютер, 2013. 288 б.
3. «Манас». Кыргыз эилинин баатырдык эпосу. С. Каралаевдин варианты / Түзгөндөр: А. Жайнакова, А. Акматалиев. Бишкек, 2010. 1006 б.
4. Манас. Баатырдык эпос. Багыш Сазановдун варианты боюнча / Түзгөн: З. Кулбараков. Бишкек, 2022. 668 б.
5. Манас II китеп Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. Бишкек: Кыргызстан басмасы, 1995. 354-бет.
6. *Мусаев С.* Көркөм сөз өнөрү. Кыргыз адабияты. «Сейтек» бөлүмү. Кыргыз орто мектептеринин VIII класстары үчүн окуу китеби / С. Мусаев, А. Турдугулов. Бишкек: Технология, 1999, 2000, 2002. 368 б.
7. «Сейтек». Баатырдык эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. Толукталып, экинчи басылышы. Бишкек: Турар, 2013. 1169 б.
8. *Асаналиев К.* Кириш сөз. Китепте: «Сейтек», «Манас» эпосунун үчүнчү бөлүгү / К. Асаналиев. 4-китеп. Фрунзе: Кыргызмамбас, 1960. Бишкек, 2014. 5–24-беттер.
9. *Жайнакова А.* «Сейтек» – “Манас” трилогиясынын корутунду бөлүгү / А. Жайнакова. Фрунзе: Илим, 1984. 186 б.
10. *Юнусалиев Б.М.* «Манастын» кыскартылган курама вариантына карата жазылган баш сөз / Б.М. Юнусалиев. Фрунзе, 1958.
11. *Кыдырбаева Р.З.* «Манас» эпосунун варианттары / Р.З. Кыдырбаева, К. Кырбашев, А. Жайнакова. Фрунзе: Илим, 1988. 256 б.